# Өз сабагынын анализи

1. Класстагы окуучуларга мүнөздөмө
   4-к классында 40 окуучу билим алууда. Окуучулардын кабыл алуусу, билим деңгээли бирдей эмес. Түшүнүп кабыл алуусуна, тапшырманы аткаруусуна карап 3 топко бөлүп кароого болот. Биринчи топтогу окуучулар маалыматты бир окуп түшүнөт, тапшырманы туура так аткарат.
   Экинчи топтогу окуучулар берилген теманы бир эки кайталоодон кийин түшүнүшөт. Билимдерин тереңдетиш үчүн кайталоого жана бышыктоого карата көп көнүгүүлөрдө аткаруу зарыл. Класстын көбү ушул топтогу окуучулар. Ал эми үчүнчү топтогу окуучулар мугалимдин жана ата-энелердин колдоосуна муктаж. Өз алдынча тапшырма аткарууда кыйналат. Сабакты пландоодо окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн, билим деңгээлин эске алуу менен даярдадым.
2. Сабактын тиби: билим жана билгичтиктерин өркөндөтүү.
3. Сабактын формасы: эсеп чыгаруу, оюн,
4. Колдонулган методдор: түшүндүрүп-иллюстрациялоо метод, репродукивдүү метод
5. Сабактын жабдылышы: окуу китеби, дептер, калемсап, уюлдук телефон, СТО
6. Сабактын максаты жана көрсөткүчтөрү

| № | максаттары | көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүүчүлүк<br>Көп орундуу санды бир орундуу санга бөлүү эрежелери менен таанышышат. | -көп орундуу сандарды бир орундуу санга бөлүүнүн айырмачылыгын айта алса, мамыча түрүндө жазып бөлүү менен көрсөтсө:<br>-көп орундуу сандарды бир орундуу санга бөлүүдө чоң разрядынан баштап бөлүү керектигин, бөлгөндө тийинди канча орундуу сан болоорун алдын ала айта алса:<br>-мисалдарды ооз эки эсептесе |
| 2 | Өнүктүрүүчүлүк :<br>Ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, билгичтиги, тапкычтыгы өнүгөт. Математикалык түшүнүгү калыптанат. | -ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, билгичтиги, тапкычтыгы өнүксө. Математикалык түшүнүгү калыптанса. |
| 3 | Тарбия берүүчүлүк:<br>Окуучулар тактыкка, тыкандыкка, эрежелерди турмушта колдоно билүүгө тарбияланышат | -өзүн сабак учурда алып жүрө алса<br>-тактыкка, тыкандыкка, эрежелерди турмушта колдоно алса. |

7. Сабактагы негизги этаптар

1) Уюштуруу:

1.1Саламдашуу

1.2Шыктандыруу. Балдар көп орундуу сандарды, угуп жазышты.

1.3Кайталоо. Өтүлгөн тема көп орундуу сандарды бир орундуу сандарга бөлүү боюнча мамыча түрүндө эсепти жазуу түрүндө түшүндүрүштү, нөл менен аяктаган сандарды бөлүү эрежесин кайталашты.

2) Негизги бөлүм. Окуучуларга анимацияланган слайд аркылуу теманы түшүндүрдүм. Темага байланыштуу эсепти өздөрү чыгарышты, түшүндүрүп беришти.

Эс алуу минутасы (оюн)

Бышыктоо. Оюндар аркылуу өтөлгөн темаларга карата мисал, маселе, теңдеме чыгарышты.

Жыйынтыктоо. Балдар сабакта аткарган тапшырмаларын өздөрүнүн аткарганына жараша быйтыкчалар аркылуу билдиришти.

Баалоо. Сабактын ар бир этаптарында, ар бир окуучунун иш аракетине жараша мактоо, кубатто сөздөрү менен бааланышты

Үйгө  тапшырма. Тапшырманы аткаруу тартиби түшүндүрүлдү.

8. Сабак аралыктан окутуу форматында болгондуктан окуучулар берилген тапшырманы өз алдынча аткарышты. Сабакка катышкан окуучулар активдүү катышып, аудио, видео аркылуу жоопторун түшүндүрүп берип жатышты. Мүмкүнчүлүктөрүнү (техникалык) байланыштуу эки окуучу сабакка катыша алган жок.

9. Сабак өз максатына жетти.

Мугалим: Алымбаева Н. Б